КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (сегизинчи чакырылышы) кезексиз**

**III сессиясы**

**Токтом № 01-5/13**

Сүлүктү шаары 27.01. 2025-жыл

**Сүлүктү шаардык кенешинин 2025-жылга иш-планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү" Мыйзамынын 27, 34-беренесинин, Сүлүктү шаардык кеңешинин регламентинин 16-беренесинин негизинде, шаардык кеңештин депутаттык фракцияларынын жетекчилеринин жана депутаттардын сунуштарын угуп жана талкуулап Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык кеңешинин 2025-жылга иш-планы тиркемеге ылайык бекитилсин (иш план тиркелет);
2. Сүлүктү шаардык кеңешинин 2025-жылга бекитилген иш-планынын аткарылышын камсыз кылуу жагы шаардык кеңештин жоопту кызматкерлерине, шаардык кеңештин туруктуу комиссияларына жүктөлсүн;
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө аламын.

Төрага Б.А. Абдуназаров

Сүлүктү шаардык кеңешинин (сегизинчи чакырылыш) кезексиз III сессиясынын 27.01.2025ж. №01-5/13 токтомуна тиркеме

**Сүлүктү шаардык кенешинин 2025-жыл үчүн иш-планы**

| I. Сессияда каралуучу маселелер | | | | |
|---|---|---|---|---|
| № | Каралуучу маселелер | Аткарууга жооптуулар | Маселени даярдоого жооптуулар | Аткару мөөнөтү |
| **I - квартал** | | | | |
| 1 | Шаардык кеңештин 2025-жылга иш-планын бекитүү жөнүндө | Шаардык кеңештин аппараты, Туруктуу комиссиялар | Шаардык кенештин аппараты<br><br>Туруктуу комиссиялар | I -квартал 2025-жыл |
| 2 | 2024-жылга жергиликтүү бюджетинин аткарылышы, 2025-жылга жергиликтүү бюджети жана 2026-2027–жылдарга болжолун бекитүү жөнүндө | Шаардык мэрия КРФМСБнын башчысы | “Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү” боюнча туруктуу комиссиясы | I -квартал 2025-жыл |
| **II – квартал** | | | | |
| 1 | 2023-2027-жылдарга шаарды социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасынын 2024-жылга аткарылышы жөнүндө<br>Сүлүктү шаарынын Өнүктүрүү фондунун аткарган иштери жөнүндө | Шаардык мэрия | Туруктуу комиссиялар (Кошмо отурум) | II – квартал 2025-жыл |
| 2 | Коомдук пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу, көчөлөрдү жарыктандыруунун абалы боюнча аткарылган иштер жөнүндө | Шаардык мэрия “Сүлүктү Тазалык” МИнын жетекчиси | «Өнөр жай, транспорт, жол, коммуналдык иштер, таза суу, тазалык жана экология» боюнча туруктуу комиссиясы | II – квартал 2025-жыл |
| 3 | Сүлүктү шаардык дене тарбия жана спорт секторунун аткарган иштери жөнүндө | Сүлүктү шаардык дене тарбия жана спорт секторунун башчысы | « Социалдык маселелер, билим берүү, саламаттыкты сактоо, мамлек мамлекеттик тил, каада салт, жаштар саясаты жана спорт” боюнча туруктуу комиссиясы | II – квартал 2025-жыл |
| **III – квартал** | | | | |
| 1 | Шаарга ннвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча аткарылган иштер жөнүндө | Шаардык мэрия | “Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү” боюнча туруктуу комиссиясы | III – квартал 2025-жыл |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2 | Сүлүктү шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик мекемесинин аткарган иштери жөнүндө | Шаардык мэриянын алдындагы муниципалдык менчик мекемесинин башчысы | «Муниципалдык менчик, курулуш жана архитектура» боюнча туруктуу комиссиясы | III – квартал 2025-жыл |
| 3 | "Сүлүктү тазасууканал" муниципалдык ишканасынын калкты таза суу менен камсыз кылуунун абалы жөнүндө | "Сүлүктү тазасууканал" муницпалдык ишканасынын жетекчиси | "Өнөр жай, транспорт, жол, коммуналдык иштер, таза суу, тазалык жана экология» боюнча туруктуу комиссиясы | III – квартал 2025-жыл |
| **IV - квартал** | | | | |
| 1 | Шаардык билим берүү бөлүмүнө караштуу орто мектептерде билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча жана мектепке чейики билим берүү мекемелериндеги түзүлгөн шарттар боюнча аткарылган иштердин абалы боюнча маалыматты угуу | Шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы | « Социалдык маселелер, билим берүү, саламаттыкты сактоо, мамлек мамлекеттик тил, каада салт, жаштар саясаты жана спорт" боюнча туруктуу комиссиясы | IV квартал 2025-жыл |
| 2 | Шаардын калкынын саламаттыгын сактоо боюнча аткарылган иштердин абалы боюнча маалымат угуу | Сүлүктү шаардык ЖДПБнун директору | « Социалдык маселелер, билим берүү, саламаттыкты сактоо, мамлек мамлекеттик тил, каада салт, жаштар саясаты жана спорт" боюнча туруктуу комиссиясы | IV квартал 2025- |
| 3 | Шаардык кеңештин 2026-жылга иш-планын бекитүү жөнүндө | Шаардык кенештин аппараты | Туруктуу комиссиялар<br><br>Шаардык кеңештин аппараты | IV квартал 2025-жыл |

## II. УЮШТУРУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА МАСЕЛЕЛЕР:

| № | Аткарылуучу иштер | Аткарууга жооптуулар | Аткаруу мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | Шаардык кеңештин депутаттары жана коалиция, фракциялар менен иш алып баруу | Шаардык кеңештин жооптуу кызматкерлери | Ар дайым |
| 2. | Шаардык кенештин депутаттарынын шайлоочулар менен жолугушууларды графигин түзүү жанаи уюштуруу иштерин жүргүзүү | Шаардык кеңештин төрагасы<br>Фракциялардын жетекчилери, шаардык кеңештин жооптуу кызматкерлери | Ар дайым |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Шаардык кеңештин иш кагаздарын электрондук документтер системасы (СЭД) жана Е Кызмат программасы менен иш жүргүзүү | Шаардык кеңештин аппараты<br>Жооптуу катчы | Ар дай |
| 4 | Шаардык кеңештин туруктуу комиссиялары менен иш жүргүзүү | Шаардык кеңештин аппараты | Ар дай |
| 5 | Шаардык кеңештин депутаттарын жана жооптуу кызматкерлерин окутууларды, семинарларды уюштуруу, уюштурулган окуу семинарларга катышууну камсыз кылуу. КРнын министрлер кабинетине караштуу МКЖӨАБИ боюнча мамлекеттик агенттиги менен макулдашуу менен | Шаардык кеңештин төрагасы<br>Шаардык кеңештин жооптуу катчысы<br>Шаардык кеңештин депутаттары | Макул шуу менен |
| 6 | Шаардын калкы тарабынан келген арыз, кайрылуулар боюнча иш алып баруу | Шаардык кеңештин депутаттары, туруктуу комиссиялар<br>Жооптуу катчы | Жыл ичинде |
| 7 | Сессиялардын стенограммасын жүргүзүү | Шаардык кеңештин аппараты | Жыл ичинде |

**Эскертме: Шаардык кеңештин компетенциясына кирген жергиликтүү маанидеги маселелер зарылчылыгына карап кошумча маселе катары каралат.**

Жооптуу катчы: М.К. Джураева